Карасартова Ж.Б., Акматалиев Ж.Т.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ КОНФЛИКТТЕРДИН ПСИХОЛОГИЯСЫ

*Бул макалада “Манас” эпосундагы инсандын өз ичиндеги, инсан аралык, топ аралык конфликттердин түрлөрү жана алардын чечилишинин ар түрдүү жолдору чагылдырылган.*

Кыргыз элинин баатырдык эпосу Манас байыркы кыргыздардын башынан өткөргөн кандуу салгылашууларынын кан жытынан, жан кейиткен жабырдуу тагдырынын чагылышынан от менен кандын кайнашынан калың элдин жашоого болгон күчтүү умтулуусунан эрдик жана көзкарансыздыкка болгон кусалыгынан жаралган чыгарма. Демек, кыргыз эли нечен кылымдын тарыхын карытып, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн жаратып, аларды кийинки муунга мурас катары калтырып келген. Манас эпосу адамдардын аң-сезиминде гана жашап кала бербестен, кыргыз маданиятынын пайда болушунда жана калыптанышында негизги булак болуп саналат. Ошондуктан эпос эл тарабынан жаралып, сакталып биздин күндөргө келип жетти. «Манас» эпосу кыргыз элинин узак жылдардагы тарыхын, тагдырын каада-салттын, коомго болгон көзкараштарын жана адамдардын жашоодогу ордун элдин сезиминдеги өзгөчөлүктөрдү чагылдырган улуу рухий мурас болуп саналат. Ошондуктан эпос терең психологиялык мотивдерге бай. Башкача айтканда, эпосто элдик мамлекет, зомбулук, маданият, улут жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү терең чагылдырылып, эркиндик, бийлик, адамды сүйүү, патриотизм адептик түшүнүктөрү жогорку деңгээлде көркөмдөлүп сүрөттөлгөн. Ошентип, эпосто адам табиятынын, мазмун маңызы, ошондой эле анын керектөөлөрүнүн проблема-лары психологиялык аспекте каралат.

Көптөгөн түшүнүктөр б.а. бийлик, башчылык, жетекчилик, өкүмчүлүк, башкаларды багындырууга умтулуу эпостун өзөгүн түзөт. Бул тарыхый эпосто конфликт психологиясы өзгөчө даана берилген. Атуулдардын бийлик менен болгон карама-каршылыгы жана адамдардын кызыкчылыгын колдобогондон келген конфликттер кездешет. Демек, конфликттерди баарыдан мурда мүнөздөрдүн, идеялардын жана максаттардын кагылышынан көрүүгө болот.

Эпосто психологиянын азыркы тили менен айтканда, бийлик алуунун, аны кармап калуунун же кулатуунун ар түрдүү жолдору баяндалат. Ушундан улам бийликке руханий жана психологиялык кубулуштардын системасы катары мамиле жасалат да, адамдын өкүмчүлдүгү, кыйраткыч күчү, ошондой эле анын эрки менен эмоциясынан жаралган ой толгоолору сүрөттөлөт. Эпостун күчтүүлүгү анда адамдын өткүр потенциялык мүмкүнчүлүктөрүнүн көп кырдуулугу, ар тараптуулугунун терең чагылдырылгандыгын-да. Элдин биримдигин колдоо, элди ынтымакка, биримдикке чакыруу эпостун башкы идеясы болуп саналат. Ошондуктан элдин сырткы күчтүү душмандарга каршы активдүү коргоно албай, көзкаранды болуп, турмуш өткөрүп келгендигинин негизги себеби, ички биримдиктин, ынтымактын жана баш кошкондуктун жоктугу болгон.

Эпосто элдик идея - бул бытыраган элди баш коштуруп, талап-тоноп эзип келген күчтүү кытай, калмак хандарын жеңүү саналат. Ошол кезде Манас элди Алатоого көчүрүп келип, бейкуттук турмушту куруп берген. Эпосто конфликттердин азыркы психологияга карата белгилүү түрлөрү, типтери кеңири баяндалган. Конфликт деген эмне? Ал бизче которгондо кагылышуу, карама-каршылык дегенди түшүндүрөт. Башкача айтканда, каармандардын ортосундагы кагылыш, күрөш, согуш аркылуу сүрөттөлүшү. Мисалы:

Щзүлгөндү улайлы,

Чачылганды жыйнайлы,

Жоголгон жокту табалы,

Журт айласын кылалы,

Азган-тозгон аз элге,

Оо, балам караан болуп туралы, -

деген саптары мисал боло алат. Ушул саптардан кийин конфликттердин түрлөрүн аныктасак. Конфликттин түрлөрүнүн биринчиси, инсандын өз ичиндеги карама-каршылык. Чыгармада бирдей эле каармандардын максаттары жан дүйнөсү бирдей, багыты боюнча карама- каршы күчтөрдүн кагылыштары арбын учурайт. Мисалы, Бакай менен Манастын, Кошой жана Манастын жары Каныкей сыяктуу башкы каармандардын кайгы кубанычтары күбө. Демек, эпосто Бакай те кылымдардын түпкүрүнөн бизге карап:

Байкагыла балдарым,

Бөлүнүп калды кыргыз деп,

Бөлөк элге кеп кетпесин,

Кагылайындар,- деп тынчсызданган.

Акылман Бакай кыргыздын ынтымагы, биримдиги арнамысы, журт тагдыры жөнүндөгү ой толгоосу. Кээ бир каармандардын эрки менен эмоциясынан жаралган адептүүлүк ой толгоолор аркылуу сүрөттөлгөн.

Бир күнү Кытай ичинен бузулуп, тополоң толкуну тоолорубузду каптаса кандай күн башталат? Мына ушул сыяктуу өмүр тагдырына тиешелүү чоң маселелер жөнүндө өз убагында түн уйкусун, күн тынымын ойлогон кеменгер Кошой Манаска төмөнкүдөй кеңешин айткан:

Биздин элди сурасаң-

Баатырлар менен жүрөктөш,

Балбандар менен тилектеш,

Эрендер менен маңдайлаш,

Чечендер менен тең тайлаш.

Бөрү жолдуу кабылан,

Бөтөнчө эл журт олуя.

Беттеп адам барбаган,

Кенен ойло башынан.

Кебелбес болсун казынаң,

Калың бороон, катуу күн,

Кулунум канчалык өтөр башыңан.

Кыр-кырда кыргыз элиңе,

Кызыккан жандар дагы бар.

Кылчайбай канды агызар.

Кызылталаштын баары бар,

Элиңди түгөл башкарып,

Өз алдыңча болгондо,

Сени таштап койбос жеп жеке.

Суроодон угар дайныңды,

Күтүлбөстөн сен жатсаң,

Бир күнү чабар айлыңды.

Ошого моюн бербеске,

Ок өтпөгөн тон камда.

Куусаң жетпей калбаска,

Ок жетпеген ат камда.

Ал эми, экинчи түрү - инсандардын ортосундагы конфликттер. Буларга ар түрдүү максаттарды көздөгөн эки же андан көп адамдардын ортосундагы мисалы: Манас - Коңурбай, Манас - Нескара, Алмамбет - Шыпшайдар, Семетей - Күлчоро, Кошой - Жолой каар-мандардын кагылышуулары кирет. Манас баатырдын каршысында турган. Коңурбай эпостун негизги терс каарманы, душмандардын баатыры, аскерлердин колбашчысы болгон.

Кебез белбоо, кең өтүк

Кечилдик  каны Коңурбай,

Өзү жоонун айласын билген эрениң

Кайдыгерден ыкшуу кул,

Жоонун айласын билген мыкты кул.

Бул байлаган бели ошол,

Бекитилүү жери ошол.

Каканчылуу кырк канды,

Өзү кайтарып турган эл ошол, - деп сүрөттөлөт.

Демек, Коңурбай дайыма баскынчылык аракеттерин ишке ашырууда дайыма кыргыздардын элин, жерин тартып алууга умтулган. Көкөтөйдүн ашында Мааникер тулпарды бер деп кыр көрсөтүп кыргыз баатырларынын айрымдарын опузалайт.

Эпосто Коңурбай дайыма таңдануу жана жек көрүү, шылдың сезим менен сүрөттөлөт. Буга ал Манасты алдап жарадар кылганы ачык мисал боло алат. Атайын аңдып жүрүп, камсыз, жараксыз турган Манасты капыстан жарадар кылган Коңурбайдын кылган иши баатырдын баатырдык жеңиши катары сүрөттөлбөстөн, арсыз намысы жок адамдын иши катары бааланат. Коңурбайдын «Манас» эпосундагыдай эле башчылык жана айлекерлик саясаты «Семетейде» да өз күчүндө сакталган. Эпосто Коңурбайдын баскынчылык, зордукчулук иш-аракетин Таласты басып алып чаташпай чырдашпай “Таласың бир бурут” деп буйрук кылып, сууну башка тарапка бурдуруп, элди суусуз калтырганы жана анын айлакер, арамзалыгы калк карысы Бакайдын Семетей баатырга: «Сен эмес атаң Манасты алты жолу алдаган Конурбай дегенинен көрүнөт. Коңурбайдын зордук-зомбулугун көргөн Азизкандын баласы Алмамбетке толгонуп ызалуу айткан төмөнкүдөй сөзү далил боло алат

Баласыздын артынан,

Көп көргөнмүн кордукту.

Коңурбай ит калгадан,

Алган жерин  бөлүп бер.

Алың ишке келбесе,

Тирүү жүрбөй өлүп  кел.

Ошондой эле, инсандар ортосундагы конфликттерге Кошойдун, Жолойдун ич ара кагылышуулары дагы кирет. Эпосто Жолой терс каармандардын бири, калмак каны жана балбаны, жоо саяр баатыры, баардык окуяларда ал «кан» деп аталат:

Кара калмак каны экен,

Сайыш менен чабышка,

Башынан кадик жан экен,

Өзү жалпак, өңү саз,

Күрөш менен согушка,

Эчак болгон эпчил маш,

Каардуу Жолой баатырда

Сакалда жок, мурут жок,

Балбандыгы башкага,

Кан жыттанган Жолойдун,

Баатырдыгы бир канга,

Өлгөн кеткен бул Жолой,

Өлтүрүп канга тойбогон,

Жок кайгысынын бирөө ошол,

Жалаңкычынын өзү ошол.

Ырас, касташкан тараптардын алдында максат болот.

Эпосто конфликттин үчүнчү түрү - топтордун арасындагы конфликт да кеңири кезигет. Мында карама-каршы жактагы топтор Чынжуу кандын эли - Ногой уруусу, Алооке кандын эли - мусулман, Музбуурчактын эли – Кокчо жана башка конфликттери түзөт. Булардын түпкүлүгүндө кайчылаш максаттарды көздөп, бири-бирине жолтоо болот. Кытайлар басып алган ата журтту бошотуу жөнүндөгү жалпы элдин кеңештеги Манастын сөзү эпосто мындайча баяндалат:

Атадан не үчүн тувамын,

Алда билет өлүмдү,

Ааламга канча турамын?

Аманат жаным чыкканга,

Намыс жолун кубамын.

Атадан калган жеримди,

Алдырып коюп кытайга,

Аңкайып кантип турамын?

Атым  өчүп калбайбы,

Атамдан калган ноомaнды,

Алты айга чейин албасам.

Түркстан барган кытайды,

Түгүн койбой кырбасам.

Ал элдин улуу ишке башкаларды да шыктандырып, өзүнүн артынан ээрчийт:

Шүмшүңдөгөн басыккан

Түрк уулунун койнуна

Сүйрөткөн экен арканды.

Моюндан аркан чечиңер,

Алалбасаң кытайды,

Аманат жандан кечиңер.

Кытайга кыргын салалы,

Кыйратып жерди алалы,

Кызыктуу жерди алдырып,

Кыянатта жүргөнчө,

Кыргыз уулу болгону

Кырылып жатып калалы;- дегендей Манас жетекчи катары чабылып, чачылган элдин башын бириктирип, күч-кубатын бир жерге топтоо аркылуу саясий биримдигин арттырат. Ошондой эле Айкөл Манастын баскынчы Алооке ханга арстандай күркүрөп айтып турган төмөнкү сөздөрү күбө:

Кытайды Манас тим койду,

Кыргыздын жерин жердөөнү.

Алооке сага ким койду?

Калмакты Манас тим койду,

Атамдын жерин ээлөөнү,

Айт ургур сага ким койду?

Көп чукуба жарамды,

Көчүп алып тез жогол,

Көргөзбөгүн карааңды.

Ошол убакта Алооке кан кыргыздарга каарын төгүп, ырайым-сыздык менен кыйла кыргыздарды кырып кыргыздарды олжо кылып, ага каршы чыгып, кайрат көрсөткөндөрдүн баарысын камап, байлап кул кылат. Кыйналган эл жан айласын таба албай, кыргыздар тоо таяна качышат. Ал эми, Алооке кан кыргыз уруулары баш кошуп биригип кетсе, өзүнө коркунуч тууларын сезип, аларга жер бербей элди куулап, түбү менен жок кылууну максат кылат. Демек, адилетсиздикти уюштуруп башында турган кара күчтөр Алооке, Коңурбай, Жолой, Абыке, Көбөш, Канчоро, Кыяздар элдин башында турган баатырлар Манас баатырдын каршысында турган Манас, Алмамбет, Семетей, Сейтектер тарабы-нан жеңилип, оор жазасын алышат. Эпосто конфликттерди баарынан мурда мүнөздөрдүн, идеялардын максаттардын ишенимдердин жана көзкараштардын кагылышынан көрүүгө болот.

Ошондой эле эпосто конфликттердин чечилишинин ар түрдүү жолдорун баяндалышын көрө алабыз. Алардын биринин экинчи жактын үстүнөн болгон толук жеңиши. Мындай конфликт – Манас менен Алоокенин ортосундагы кагылыштар мисал боло алат. Конф-ликттин чечилишинин негизги түрү компромис да жолугат. Мында айрым бир максаттарга көз каранды болуп, ынтымакка келүү, эпосто Манас менен Көз камандардын ортосундагы чатактын чечилиши ушундай конфликтке кирет. Конфликттин чечилишинин үчүнчү жолу интеграция. Бул конфликттен чыгуунун үчүнчү жолу болуп саналат. Мындай учурда максаттар, идеялар биригип, бир бүтүндүк, бир жалпылык түзүлөт. Мисалы, эпосто башкы каарман Манастын баардык иш аракети, согуштары карама - каршылыктары интеграция жолу менен чечүүгө багытталган. Ал эми Манас кыргыз элинин чачыранды урууларынын башын кошуп, алардын кандарын ынтымакка чакырат. Демек, эпос миң жылдык улуу жолду басып өтүп, өсүп келе жаткан жаш муундар үчүн

таанып билүүнүн соолубас ачык системасы болуп саналат.

**Адабияттар**

1. Кыргыз руху – “Манас”.-Б.: Ала-Тоо, 1995.
2. Кукушин В.С., Столяренко Л.Д. Этнопедагогика и этнопсихология. -Ф., 2000.
3. Стефаненко Т. Этнопсихология. -М., 1999.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика.-М., 1999.
5. Максүтов Б. Айкөл Манас - баяны -Б., 1999.
6. Исаков Б. Манас сабагы. –Б., 1994.
7. “Манас” эпосу жөнүндө. -Б., 1994.